**Нурлан Рахманов атындагы орто мектебинин мугалимдердин педагогикалык кеңешмесинин №1 протоколу**

28.08.2020-жыл

**Төрайым: Мамырканова Г.К**
**Катчы: Джаманкулова С.А.**
**Катышты: 16 мугалим**

**Күн тартиби:**

1.2019- 2020-окуу жылындагы аткарылган иштердин анализи
2.2020- 2021-жаны окуу жылындагы окуу процессии уюштуруу
4. Доклад “Дистанттык окуу деген эмне?”
4.Онлайн окутуунун түрлөрүн практикада колдонуу
5. Мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө салым кошуу
6. Социалдык педагогдун ишмердүүлүгү
7. Мектептин ченемдик укуктук документтерин кароо

**Угулду:** 1- маселе боюнча мектеп директору Г.К.Мамырканова Г.К. өткөн окуу жылынын өзгөчөлүгүнө токтолуп, жетишкендиктерди жана кемчиликтерди белгилеп өттү. Ушул нерселерди эске алып, жетишпей, ишке ашпай калган иштер быйылкы жылдын планына киргизиле тургандыгын белгилеп өттү.
Ошону менен бирге жыл ичиндеги окуучулардын жетишүүсү, кыймылы тууралуу маалымат берүү үчүн сөз кезегин ОТИ боюнча директордун орун басарына А.Б. Намазбековага берилди.
А.Б. Намазбекова өз сөзүндө 2019-2020-окуу жылында окуучулардын жетишүүсүнө пандемия өз кедергисин тийгизбей койгон жок деди. Биздин мектепке жыл бою, айрым учурда жылдын аягында да окуучулардын билим сапатынын көрсөткүчүнүн төмөндөшүнө алып келерин белгилеп өттү. Былтыркы окуу жылы билим сапаты -41%, жетишүүсү-100% менен аяктадык деди.
Ал эми окуучулардын кыймылы боюнча жыл башында 226 окуучу болсо жыл аягында 231 окуучу менен аяктагандыгыбызды билдирди.

**Угулду:** 2-маселе боюнча мектеп директору Мамырканова Г.К. 2020-2021-жылындагы пандемия шартында мектептеги окуу процессии уюштуруу жөнүндөгү №83 буйрук менен тааныштырды, анда 2020-жылдын 1-сентябрынан баштап 1-11-класстын окуучуларына билим берүү онлайн форматында жүргүзүлөөрүн, коронавирус инфекциясын (COVID-19) алдын алуу үчүн тиешелүү нускамалар менен таанышып, ата- энелерге, окуучуларга жеткирүү зарылчылыгын эскертти. Ошондой эле санитардык-эпидемиялогиялык эрежелерди жана ченемдерди сактоо менен мектепте коопсуздук шарттарын (үзгүлтүксүз дезинфекциялоо, санитайзер, жеке коргонуучу каражаттар) камсыз кылуу шарттарын көрүшүбүз зарыл экендигин эскертти.
Класс жетекчилер ата-энелери, мыйзамдуу өкүлдөргө санитардык ченемдерди сактоонун зарылдыгы жөнүндө маалыматтык түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, аралыктан окутууда окуучулардын толук кандуу катышуусун камсыздоолору керектигин эскертти. Ошондой эле окуу процессии уюштурууда жылдык планда каралган иш-чараларга онлайн конференция, вебинарларды кошуп кароону сунуштады. УБнын жетекчилерине видеосабактардын темаларын эске алуу менен календарлык - тематикалык пландарды иштеп чыгып, бекитүүгө алып келишсин деп билдирди.

**Угулду:**3-маселе боюнча окуу-тарбия боюнча директордун орун басары А.Б. Намазбекова “Дистанттык окутуу деген эмне?” деген темада баяндама жасады. Ал өзүнүн баяндамасында күтүүсүз келген илдет биздин мамлекетте да билим берүү тармагын дистанттык окутуу форматына өтүүгө аргасыз кылгандыгына токтолуп, дистанттык окутуу-бул билим алуу жана үйрөнүүнүн инструменти экендигин белгиледи. Дистанттык билим берүүнүн негизги максаты-окуучуларга үйүнөн эле негизги билим берүүчү программаларды инновациялык маалымат(программаларын) технологияларын колдонуу менен өздөштүрүүгө мүмкүндүк түзүү экендигин белгилеп өттү. Ошондой эле дистанттык окутуунун өзгөчөлүктөрүнө токтолду. Бүгүнкү күндө онлайн окутуу күчүндө калгандыктан ар бир мугалим өз алдынча интернеттен ар кандай программалар менен таанышып, изденип, заман талабына ылайык билим берүүнү өздөштүрүүбүз зарыл деп жыйынтыктады.

**4-** маселе боюнча математика мугалими К.Ж.Шакулов онлайн форматындагы окутууда ыңгайлуу программалардын бири болгон “Zoom” программасы тууралуу маалымат берип, практика түрүндө бардык мугалимдер каттоодон өтүп, конференция ачып, сабакты өтүүдө кандай мүмкүнчүлүктөрдү колдонсо боло тургандыгын көрсөтүп берди.

**5-** маселе боюнча ОТИ боюнча директордун орун басары А.Б, Намазбекова “Кыргыз Республикасьшын Мамлекеттик тил” жөнүндө мыйзамынын аткаруу, мамлкеттик тилдин өнүгүшүнө салым кошуу ар бир мугалимдин негизги милдеттеринин бири экендигине токтолуп, мектеп ичиндеги көрнөк жарнактар, иш кагаздары мамлекеттик тилде жүргүзүлүшүнө ар дайым маани берилип, көзөмөлгө алынып келе жатканын белгилеп өттү. Быйылкы окуужылында окуучулардын мамлекеттик тилге болгон кызыгуусун арттырып, сөз байлыгын өстүрүү, билим деңгээлин көтөрүү максатьшда иш-чаралар пландалганын айтып, тааныштырып өттү. Планда каралгандай кыргыз тилинде ыр жазууга кызыккан, көркөм окууга шыктуу балдарды топтоп "Жаш калем” аттуу таланттуу балдардын тобун түзүп, окуучулардын шык, дараметин өстүрүп. эл алдьша чыгып өнөрүн тартуулоого көнүктүрүү сыяктуу иштерди аткарууга класс жетекчилердин дагы жардамы керектигин эскертти. Аралыктан окутууда окуучулар менен байланышууда иш-чараларды өткөрүүдө, уюштурууда, кайтарым байланышты ишке ашырууда предметтик мугалимдерге класс жетекчилердин жардамы, колдоосу зарыл экендигин баса белгиледи.

**6-** маселе. Мектептин соцпедогогу С.А. Джаманкулова онлайн окутууда көйгөй жаралган окуучулар боюнча маалыматты убагында берип туруууларын класс жетекчилерге айтып, андай балдардьш ата-энеси менен жолугуп, үйлөрүнө барып жеринде таанышып, бал дар менен жекече сүйлөшүп, психолог менен чогуу иш жүргүзүлө тургандыгын билдирди.

**7-**маселе боюнча мектептин ОТИ боюнча директордун орун басары:

- мектептин ченемдик укуктук документтерин кароо сунушун айтып бекитиле турчу жоболор менен тааныштырды.

- ОТИ боюнча директордун орун басары 2020-2021-окуу жылындагы мектептин иштөө тартиби менен тааныштырды.

- Мектептеги иш-кагаздарды жазууда кара түстөгү сыя менен жазуу тууралуу билдирүү жасады. Мугалимдер толугу менен колдошту.

**Токтом кылынды:**

1. 2019-2020-окуу жылындагы мектептин иши канааттандыраарлык деп эсептелсин.
2. 2020-2021-окуу жылындагы окуу процессии уюштуруу боюнча билдирүү эске алынсын.
3. Мектептеги иш-кагаздар, көрнөк-жарнактар мамлекеттик тилде жүргүзүлсүн. Окуучуларды мамлекеттик тилге болгон кызыгуусун арттырып, билим сапатын жогорулатуучу иш-чаралар үзгүлтүксүз жүргүзүлсүн.
4. Онлайн форматыщдагы окутууда “Zoom” программасын мугалимдер мүмкүнчүлүккө жараша колдонушсун.
5. “Дистанттык окутуу деген эмне?” деген темадагы докладдагы маалыматтар эске алынсын.
6. Аралыктан окутууда окуучулар, ата-энелер менен соцпедогог, класс жетекчилер менен биргеликте иш жүргүзүшсүн.
7. 2020-2021 -окуу жылында
   мектепте
   Сменде 8.00-13.00
   Сменде 13.15-18.00 чейин окутулсун.
8. Мектептин эмгектин сапаты үчүн дем берүүчү акы берүү жөнүндө жобосу, билим тууралуу документтерди толтуруу, сактоо, тапшыруу тартиби жөнүндө жобосу, коррупцияга каршы күрөшүүнү уюштуруу жөнүндөгү жобосу, аралыктан окуу процессии уюштуруу жөнүндө жобосу, ачык сабак жөнүндө жобосу бекитилсин.
9. Мектептеги иш-кагаздардын кара түстөгү сыя менен жазылышын көзөмөлдөө ОТИ боюнча директордун орун басары А.Б. Намазбековага милдеттендирилсин.

Мектеп директору: Мамырканова Г.К.